# БУЙРУК

| Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |
|---|---|
| 2020 ж. “29.12” № 466 | 2020 ж. “29.12.” № 1115 |

**Кышкы туризм объектилеринде COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды сактоо иш-аракеттеринин Алгоритмин бекитүү жөнүндө**

Санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана кышкы туристтик мезгилди уюштуруу жана өткөрүү учурунда жарандардын ден-соолугун COVID-2019 коронавирус инфекциясынан сактоо максатында, **буйрук кылабыз:**

1. Туризм чөйрөсүндө коронавирустук COVID-2019 инфекциянын таралышына жол бербөө боюнча талаптар тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине:

- бул буйрукту расмий сайтына жарыяласын;
- иш жүргүзүүгө кабыл алуу үчүн тийиштүү аймактык бөлүмдөргө жиберилсин;
- мыйзамга ылайык буйруктун аткарылышын көзөмөлгө алсын.

3. КРнын ММТМне караштуу Туризм департаментине:

- бул буйрукту расмий сайтына жарыяласын;
- ушул буйрук менен Кыргыз Республикасынын туристтик ишмердигинин субъекттерин тааныштырсын.

4. Тоо лыжа курорттору, комплекстери, базалары, жамааттык жайгаштыруу каражаттарынын жана кышкы туризмдин менчигинин түрүнө карабастан башка объектилеринин жетекчилерине COVID-2019 коронавирустук инфекциясынын таралышына жол бербөө тууралуу санитардык-эпидемиологиялык талаптардын аткарылышын камсыз кылсын.
5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министринин орун басары Н.Т.Усенбаевге жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигине караштуу Туризм департаментинин мүдүрүнүн орун басары К. А. Кенжематовага жүктөлсүн.

| Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри | Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри |
|---|---|
| ____________ А.С.Бейшеналиев | ____________ Н.Кадырбеков |

Буйрукка
тиркеме

**Кыргыз Республикасынын кышкы туризм объектилеринде COVID-19 коронавирустук инфекциясын алдын алуу боюнча иш-аракеттердин алгоритми**

***Эскертме:*** *Коронавирустук инфекцияларды алдын алуу боюнча Алгоритмдин негизги талаптары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы № 244 сандуу "Коронавирустукинфекциянын (COVID-19) жайылуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" токтомунун негизинде бекитилген "Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылышына жол бербөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптар" убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.*

| Талаптар | Талаптардын аткарылышынын шарттары |
|---|---|
| **Тоо лыжа курортторунун, комплекстеринин, базаларынын, жамааттык жайгаштыруу каражаттарынын жетекчилерине** | - инфекция коркунучун басымдуу азайтуу үчүн жумуш ордунда жана сыртта коопсуздук чараларын сактоо боюнча кызматкерлер арасында түшүндүрүү иштерин уюштуруу;<br>- кызматкерлер үчүн коопсуздук чараларды сактоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштыруу (эң көрүнүктүү жерлерде);<br>- кызматкерлер жана келүүчүлөр үчүн (ыңгайлуу жерге) байланышсыз (чыканактуу) тазалоочу каражаттарды, ошондой эле, аларды колдонуу боюнча маалымат белгилерин орнотуу;<br>- келүүчүлөрдүн байланыш маалыматтарын чогултууну жана температураны байланышсыз ыкма менен өлчөөнү камсыз кылуу;<br>- эс алуу, тамеки чегүү, кийим алмаштыруу бөлмөлөрүндө 1,5 м аралыктын сакталышын камсыздоо;<br>- ооруга шектүүнүн обочолонушун камсыздоо;<br>- кызматкерлердин жана эс алуучулардын дене табын өлчөөгө жооптуу кызматкерди дайындоо;<br>- COVID-19 коронавирустук инфекцияга каршы күрөшүү боюнча аймактык штабдын контакттары жазылган баннерлерди жайгаштыруу;<br>- таштандылардын топтолуп кетишине жол бербей, аянттан үзгүлтүксүз чыгарып турууну камсыздоо;<br>- Ар бир имаратка Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча |

| | |
|---|---|
| | маалыматтык жана окуу материалдарын жайгаштыруу. |
| **"Кирүү чыпкасын" уюштуруу** | - кызматкерлердин дене табынын ченеминдеги өзгөрүүлөрдү баракчага белгилөө менен күн сайын кызматкерлерди байланышсыз термометр менен өлчөөнү жүргүзүп туруу;<br>- эгерде эс кызматкердин же анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн респиратордук ооруларынын белгилери (жөтөл, ысытма, алсыроо, баш оору ж.б.) аныкталса, кызматкерге иштөөгө уруксат бербөө;<br>- кызматтык милдеттерин аткарууда кызматкерлер беткап кийип, колдор үчүн антисептиктер жана беттерди дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыздалышы керек;<br>- жумуш ордунда тамактанууга тыюу салууга, тамактануучу жай жок болсо, тамак ичүү үчүн атайын бөлмө бөлүп берүүгө, колдорду жууганга раковинасы менен жабдылган (ысык суу менен камсыз кылууга) кол жуугуч орун, тазалоочу каражаттар менен камсыз кылууга милдеттүү. |
| **Имаратка жана орун жайларга карата талаптар** | Туристтик объектилердин ишине даярдык көрүүнү баштоодон мурун:<br>- жуугуч жана дезинфекциялык каражаттарды колдонуу менен бардык орун жайларды тазалоо, дезинфекциялоо;<br>Жүргүзүү:<br>- желдетүү тутумун тазалоону, анын ишинин натыйжалуулугун текшерүнү;<br>- жумшак эмеректерди, матрацтарды, жаздыктарды, жууркандарды дезинфекциялоону;<br>- эс алуу объектисинин аймагында эс алуучулар тарабынан коргоочу каражаттарды (маскалар, кол каптар, колго кам көрүүчү каражаттар) сатып алуу мүмкүнчүлүгү караштырууну;<br>Имараттын ичинде:<br>- жуугучтарды, тазалоочу каражаттарды, дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуп, күнүно кеминде эки жолу бардык бөлмөлөрдө нымдуу тазалоо жүргүзүү;<br>- эс алуучулар жайларды бошоткондон кийин бөлмөлөрдү, коттеджерди, уктоочу бөлмөлөрдү жалпы тазалоо, эгерде алар узак убакыт болуп, бошоткон болсо, дубалдарды, полдорду, плинтустарды, эшиктерди, эмеректерди жана шаймандарды дезинфекциялык эритмелер менен |

| | |
|---|---|
| | жууп тазалоо, 5 күндө бир жолудан кем эмес жүргүзүлүшү керек (эгер бөлмөлөр, коттеджлер болсо);<br>- жалпы пайдалануудагы жерлерде (дааратканалар, душтар, кийим чечүүчү жайлар ж.б.) нымдуу тазалоо жана дезинфекциялоо 2 саатта бир жолудан кем эмес жүргүзүлүшү керек;<br>- коридорлордо, кабаттардын аралыгында аба рециркуляторун орнотууну камсыз кылуу. |
| **Кабыл алуу боюнча талаптар** | - эс алуучуларды кабыл алуу байланышсыз термометрдин жардамы менен дененин температурасын күн сайын өлчөп туруу жүргүзүлүшү керек;<br>- эс алуучуларды жайгаштырып, каттоодон өткөрүп жаткан учурда, жалпы пайдалануу жайларында алардын тыгылып туруусун болтурбоо;<br>- эгерде эс алуучулар бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү болбосо, максатка ылайыктуу, бөлмөлөргө 1 адамдан ашык эмес жайгаштыруу, 1 адамга эсептелген аянт 6 $м^2$ кем эмес болушу керек;<br>- эс алуучулардын арасында жөтөл белгилери жана дене табынын жогорулашы менен коронавирустук инфекциясына шектүү бейтап аныкталса, анда төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:<br>- аны башка эс алуучулардан бөлүүнү камсыздоо;<br>- тийиштүү чараларды көрүү үчүн мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органдарына, мобилдик бригадага токтоосуз билдирүү жана эпидемияга каршы иш-чараларды жүргүзүү. |
| **Мейманканалардын, конок үйлөрдүн ж.б. жамааттык жайгаштыруу каражаттарынын, тоо лыжа курорттору, комплекстери, базаларынын коомдук тамактануу жайларына карата талаптар** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 "Коомдук тамактануучу жайларга коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери токтому менен бекитилген, ошондой эле коомдук тамактануу жайларында убактылуу санитардык эрежелерди ишке ашыруу боюнча талаптар иштелип чыккан.<br>- эс алуучулардын байланышын максималдуу чектөө үчүн, алардын жашаган бөлмөсүндө тамак уюштуруу сунушталат;<br>- эгерде ашканада тамак уюштурулса, анда аралыкты сактоону эске алуу менен, тамактануучу үстөлдөрдү уюштуруу керек (үстөлдөрдун аралыгы 1,5 м ден кем эмес), эс алуучулар бир үй-бүлөнүн |

| | |
|---|---|
| | мүчөлөрү болбогон жана бир бөлмөдө жашабаган учурда, үстөлдө 1 адамдан ашык отурбоо керек.<br>- адамдар жүргөн учурда пайдаланууга уруксат берилген коомдук тамактануучу жайларда, ашканалардын өндүрүштүк жана сактоочу жайларында абаны тазалоо үчүн жабдуулар орнотулушу зарыл;<br>- мүмкүн болсо, бир жолку идиш-аякты колдонуу;<br>- көп жолу колдонула турган идиш-аякты колдонууда милдеттүү түрдө анын дезинфекцияланышын камсыз кылуу;<br>- идишти жуу жана тазалоо үчүн нускамаларды жайгаштыруу. |
| **Жумушчу персоналы үчүн жайларда жеке гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү** | - объекттин аймагынын кире беришине жана имарттаын ар бир кабатына тазалоочу каражаттарды орнотуу;<br>- колдорду жуу боюнча эрежелерди жайгаштыруу;<br>- кызматкерлерди жеке гигиена каражаттары менен камсыз кылуу (суюк самын, сүлгүлөр, дезинфекциялык эритмелер жана кагаз майлыктар, тери антисептиктери);<br>- кызматкерлер үчүн жеке коргонуу каражаттарын кийип жүрүү (бет каптар (респираторлор), кол каптар);<br>- атайын кийимдер фартуктар, халаттар (кеминде 2-3 комплект) менен камсыз кылуу;<br>- кийим чечүүчү бөлмөнүн, сырткы (жеке) кийимдердин жана атайын буюмдардын жеке шкафтарынын болушу. |
| **Аралыкты сактоо, көпчүлүк адамдардын топтолуусуна жол бербөө** | - кызматкерлердин ортосунда 1,5 м аралыкты сактоону камсыз кылуу жана көзөмөлдөө;<br>- келгендердин ортосунда 1,5 м аралыкты сактоону камсыз кылуу жана көзөмөлдөө, кезектешүүнү болтурбоо, фойеде адамдардын чогулушуна жол бербөө. |
| **Тобокел тобундагы адамдар арасындагы оорулардын алдын алуу** | - эпидемиологиялык кырдаал жакшы болбогон учурга чейин тобокелдик тобундагы кызматкерлерге (60 жаштан ашкан адамдар, кош бойлуу аялдар, онкологиялык оорулуулар, трансплантациядан кийинки пациенттер, дем алуу органдарынын өнөкөт оорулары бар пациенттер) жумушка барбоону сунуштоо. |
| **Эс алуучуларды ташууга жана транспорттук** | - менчик автотранспорттор колдонулат;<br>- такси же башка коомдук транспорттун (поезддердин, автобустардын, маршруттук |

| | |
|---|---|
| **жүрүүгө карата коюлган талаптар** | таксилердин) кызматтарын пайдаланган учурда, кеминде 1,5 м ортодогу аралыкты сактоо, ошондой эле, дезинфекциялоо режимин сактоо, убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо, транспорттун ар бир сапарынан кийин санитардык тазалоону жүргүзүү, жүргүнчү ташууда орундуктарга гана отургузуп жүрүү. |
| **Санитардык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү** | - коронавирустук инфекцияны жуктурбоо максатында, калкты профилактикалык иш-чаралардын аткарылышы, анын ичинде жеке жана коомдук гигиена эрежелерин сактоо, ар бир даараткана баргандан кийин, иш күнүнүн учурунда колдорду самындап жуу же антисептик менен тазалап туруу жөнүндө үндүү маалымат менен камсыздоо;<br>- коронавирустук инфекциядан сактануу чаралары жөнүндө плакаттарды илдирүү;<br>- кызматтардын ысык линияларынын почта номерлерин жайгаштыруу. |